КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
АК-СУУ РАЙОНУ

ХАН-ТЕНИРИ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА
ХАН-ТЕНИРИ

Хан-Тенири айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин 1-чакырылышынын кезектеги 12- сессиясы

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 17-ноябрь** **№ 78** **Ново-Вознесеновка айылы**

## Хан-Тенири айыл аймагында социалдык биримдикти чыңдоо жана коомдогу социалдык чыңалууну алдын алууга багытталган иш-чараларды уюштуруу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 4-июнундагы №109 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү оз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралуу" Мыйзамынын 27-беренесине кошумча 27-маселе болуп "социалдык биримдикти чыңдоого жана коомдогу социалдык чыңалуунун алдын алууга багытталган иш-чараларды уюштуруу жана жүзөгө ашыруу" киргизилген. Бул маселе боюнча Хан-Тенири айыл аймагында социалдык биримдикти чыңдоо жана коомдогу социалдык чыңалууну алдын алууга багытталган иш-чараларды уюштуруу жана жүзөгө ашыруу максатында айыл өкмөтүнүн башчысынын орунбасары-жооптуу катчы А.Адыгуловдин билдирүүсүн угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү" мыйзамынын 27, 34 беренелерин жетекчиликке алып, Хан-Теңири жергиликтүү кенеши **токтом кылат:**

1. Хан-Тенири айыл аймагында социалдык биримдикти чыңдоо жана коомдогу социалдык чыңалууну алдын алууга багытталган иш-чараларды уюштуруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго милдеттендирилсин.
2. Ушул токтом ММКларга жарыялоо үчүн жиберилсин.
3. Токтом ММКга басылып чыккан күнү юстиция органына Мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.
4. Токтомду көзөмөлгө алып аткаруу айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго жана көзөмөлдөө жергиликтүү кенештин жаштар, спорт жана маданият, миграция, социалдык маселелер, коомчулук менен байланыш(СМИ) боюнча туруктуу комиссиянын сына жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Узаков**